***УДК: 37.013.***
***DOI:10.35254/bhu/16948386_2021_56_57_89***

***Сабырова Э. С.,***
*К. Карасаев атындагы БМУ*
***Алымбаева Б. Б.,***
*Педагогика жана профессионалдык билим берүү лабораториясынын илимий кызматкери*

# БАЛДАРДЫ ТАРБИЯЛООДО АТА-ЭНЕ БАЛАНЫН КҮЗГҮСҮ

***Кыскача мазмуну***

*Бул макалада авторлор, үй-бүлөдө балдарга туура тарбия берүүдөгү ата-энелердин жакшы сапаттарын калыптандырууну карашкан. Макалада педагогикалык-теориялык ойлордун негизинде тарбиялоо көрсөтүлдү. Өсүп келе жаткан муундардагы мыкты адамдык сапатты тарбиялоо ата-энелерге байланыштуу. Ушул айтылган ойду ата-энелер күнүмдүк практика учурунда колдонушу керек. Балдарды туура тарбиялоо маселеси стратегиялык маселе катары ар дайым ата-эненин көңүлүнүн чордонунда турушу зарыл деп эсептешет. Анткени балдарды тарбиялоо адамзат, улут, социум топтогон социалдык-тарыхый тажрыйбаны, маданиятты, руханий адеп-ахлак салттарын муундарга мурастап өткөрүүнүн куралы катары көрсөтүшкөн. Макалада педагогикалык-теориялык ойлордун негизинде балдарды тарбиялоодо ата-эне баланын күзгүсү катары көрсөтүлдү. Өсүп келе жаткан муундардагы мыкты адамдык сапатты тарбиялоо жөнүндөгү ойду акыл-ойчулдар дайыма айтышкан жана дагы айтып келишүүдө.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *үй-бүлө, мектеп, билим, эмгекке тарбиялоо, тарбиялоо, үй-бүлөлүк тарбиялоо, адеп-ахлактык жана руханий баалуулуктар, макала, ата-эне, муун.*

# РОДИТЕЛИ – ЭТО ЗЕРКАЛО В ВОСПИТАНИИ ДЕТЕЙ

***Аннотация***

*В данной статье авторы рассмотрели формирование положительных качеств родителей в правильном воспитании детей в семье. В статье показано образование, основанное на педагогических и теоретических идеях. Родители должны воспитывать в подрастающем поколении лучшие человеческие качества. Эту идею родители должны использовать в своей повседневной практике. Они считают, что вопрос правильного воспитания детей как стратегический вопрос всегда должен быть в центре внимания родителей. Потому что воспитание детей было представлено как инструмент передачи социально-исторического опыта, культуры, духовно-нравственных традиций, накопленных человечеством, нацией и обществом. В статье представлены родители как зеркало ребенка в воспитании детей на основе педагогических и теоретических представлений. Идея воспитания в подрастающем поколении лучших человеческих качеств всегда высказывалась и продолжает высказываться мыслителями.*

***Ключевые слова:*** *семья, школа, образование, трудовое воспитание, воспитание, семейные традиции, нравственно-духовные ценности, родители, поколение.*

# PARENTS ARE THE MIRROR OF THE CHILD IN RAISING CHILDREN

***Abstract***

*In this article, the authors focused on the formation of good qualities in parents with the correct upbringing of children in the family. The article shows education based on pedagogical and theoretical ideas. Parents should bring up the best human qualities in the younger generation. Parents should use this idea in their daily practice. They believe that the issue of the correct upbringing of children as a strategic issue should always be in the center of attention of parents. Because the upbringing of children was presented as a tool for the transfer of socio-historical experience, culture, spiritual and moral traditions accumulated by humanity, nation and society. The article presents parents as a mirror of a child in raising children on the basis of pedagogical and theoretical concepts. The idea of educating the younger generation of the best human qualities has always been expressed and continues to be expressed by thinkers.*

***Key words:*** *family, school, education, labor education, education, family traditions, moral and spiritual values, parents, generation.*

Бала — үй -бүлөнүн күзгүсү; күн суу тамчысына чагылгандай, эне менен атанын адеп-ахлактык тазалыгы балдарда чагылдырылат. “Үй -бүлө ар бир адам үчүн эмнени билдирет? Мен эч кандай мааниге ээ болбогон адамдар жок деп ишенимдүү түрдө айта алам деп”-В.А. Сухомлинский туура айткан. Анткени үй -бүлө — бул жөн эле коомдун бирдиги эмес. Бул жерде инсандыктын, баланын мүнөзүнүн пайдубалы түптөлөт. Ата -энелер өсүп келе жаткан балдарында чыныгы ИНСАНДЫКты калыптандыруу үчүн көп күч -аракет жумшашы керек. Ошондой эле балдардын билим сапаты, алардын ата-энесинен алган билимдерине да көз каранды болот [3, 390-б].

Бала үчүн ата-эненин сүйлөшкөнү, кийинип жаткандары, башка адамдар менен кантип сүйлөшүп жатат, алар

менен кандай мамиле түзөт, досторуна кантип кайрылат баарынын мааниси бар, алар ошондон өзүнүн жүрүм-турумуна, адеп-ахлагына азык алат.

Ата-эненин дагы бир маанилүү үлгүсү бул, үй-бүлөдөгү урмат-сыйды өз деңгээлине коюсу, же мындайча айтканда, үй-бүлөдөгү ар бир мүчөлөрүнүн өз ордун билип, бири-бири менен жакшы мамиледе болуусу. Улуу кишилерди сыйлоо, аларга өтө этият, аяр мамиле жасоо. Ата-эне жан дүйнөсү сулуу, кең пейил, жүрөгү таза, жүрүм-туруусу жакшы, коомдогу өз ордун, милдеттерин билген, балдарын чын дилден сүйгөн, чынчыл, жалындаган жана принципиалдуу, маданияттуу жана билимдүү, турмуштан эмнени кааларын билген, жашоо максатына ээ, улууну ызаттаган, кичүүнү сыйлаган, адилеттүү жана мээримдүү болуусу зарыл.

Тарбия процессинин максаттуу түрдө жүргүзүүчү ата-энелерге өсүп келе жаткан жаш муундардын мүнөзүнүн, адаттарынын, кызыгууларынын, муктаждыктарынын, жүрүм-турумунун, баалуулуктарынын, нарк-насилдерин калыптандыруу өзгөчөлүктөрүн жана мыйзамченемдүүлүктөрүн үйрөтүү эң башкы милдет болуп саналат.

Ата-энелерде балдарды тарбиялоодо жеке үлгү көрсөтүүнүн маанилүүлүгү жөнүндө түшүнүктү калыптандыруу. Биздин негизги максатыбыз балдарга туура тарбия берүү. Балдарыбыз — биздин чагылышыбыз. Алар биздин мисалдан сабак алып, ата-энесинин жүрүм -турумун түзмө-түз көчүрүп, жакшы менен жаманды кайталашат.

Тарбиялоодо ата-эне — баланын күзгүсү дейбиз. Балдарын тарбиялагандан мурда ата-эне өтө этият болуп, балдарынын алдында өздөрүнүн абройлоруна доо кетирүүчү жагымсыз адаттардан алыс болушкандыктары оң. [2, 390-б].

А. С. Макаренко ата-энелерге мындай деп кайрылган: «Өзүңөрдүн өмүрүңөрдүн ар бир ирмеминде, керек болсо үйдө болбосоңор да балдарыңарды тарбиялап турасыңар» деген. Бала үчүн ата-эненин сүйлөшкөнү, кийинип жаткандары, башка адамдар менен кантип сүйлөшүп жатат, алар менен кандай мамиле түзөт, досторуна кантип кайрылат баарынын мааниси бар, алар ошондон өзүнүн жүрүм-турумуна, адеп-ахлагына азык алат [4, 463-б].

Баланын кичинесинен баштап, адамдык асылдыктын үрөнү, баштапкы уңгусу, уюткусу ата — эне аркылуу өтөт. Ата-энелердин башка улуттардан достору, жакындары, тааныштары, мамилелештери болсо алар менен жолугушуп турушса, баланын башка улуттарга болгон урматтоо, сыйлоо сезимдери пайда болуп, жашынан рухуна сиңет, чоңойгондо да башка улуттун өкүлдөрү менен толеранттуу мамиледе болууга аракеттенет. Мындай тарбия да адамдардын асыл сапаттарын бекемдейт. Рухун байытат.

Тарбиялоодо атанын өзүнүн, апанын өзүнүн орду бар. Ата бере турган тарбияны эне бере албайт, эне бере турган тарбияны ата бере албайт. Үй-бүлөдө ата же эненин бирөөсү эле жок болуп калса, канчалык жакшылап тарбиялайын десе да жеткиликтүү болбойт. Мисалы:"Үй-бүлөнүн астанасы ата менен башталат» деп даанышман илимпоздор бекеринен айтышпаса керек. Анткени, ата маселе чечүүгө чечкиндүү, үй-бүлөнү, ата мекенин коргоочусу. Ата бала үчүн эркектин эталону болуп эсептелет.

Ар курактагы эркек бала ар дайым атасынын ар бир кыймыл аракетин өтө ынтоо коюу менен байкайт. Атанын ар бир жасаган ишин, мисал үчүн бир нерсе куруп жатабы, көчөдөгү жана үйүндөгү жүрүм-туруму, мүнөзүнүн катаалдыгы же жумшактыгы, маданий, адеп-ахлак деңгээлинин абалы баланын көз жаздымында калбайт, баары кабыл алынат, тандалат, жашоо турмушунда жетекчиликке алат. Кандай гана кырдаалда болбосун ата баласынын көзөмөлүндө болуп, көз жаздымынан чыкпай, өзүнүн кылыктары менен баланын аң-сезиминде өчпөс өзүнүн таасирин калтырат.

Бала тарбиялоодо атанын тарбиясы эң маанилүү. Атасынын жасаган иш аракетин көргөн бала, сөзсүз түрдө өз алдынча аракеттене баштайт. Мунун баары баланын атасына окшошуну каалаган аракеттери болуп эсептелет. Атанын үлгүсү бала үчүн жашоонун өлчөмү, жол көрсөткүчү. Ошондой болгондон кийин ар бир ата өзүн жогору интеллектуалдык деңгээлде алып жүргөнү дурус. Ансыз баланын аң-сезимине терс таасирлер сиңип калуусу мүмкүн. Бул кийинчерээк оңдоого мүмкүнчүлүк болбой кала турган мүчүлүшкө айланып калуусу мүмкүн.

Эне жөнүндө орустун улуу педагогдорунун бири Константин Дмитриевич Ушинский ушундай деген эле «Эне — бул биринчи мугалим, биринчи тарбиячы, үй-бүлө-биринчи мектеп». Мектепке чейинки жаштагы баланы тарбиялоо жараянында эненин ролу эбегейсиз. Себеби жаш баланы тарбиялоо биринчи кезекте эненин активдүү аракеттерине байланыштуу болуп, коомубуздун келечеги, өмүрү, бактысы ушул улуу инсандарыбыздын колунда. Эне — мээримдин булагы. Андагы мээр баладагы сүйүүнү ойготот, курчап турган дүйнөгө, жашоого куштарлантат, ынтызар туйгуларын жаратып, адамдык асыл сапаттарга талпынтат. Мунун өзү үй — бүлө тарбиясындагы баасы жок касиет. Эне тарбиясын алган балада мээр, сүйүү болбой койбойт. Бала мектепке чейин өмүрүнүн көпчүлүгүн эне менен өткөрөт. Сөзсүз эненин көзөмөлүндө болуп, активдүү эки жактык баарлашууда болушат. Ошондуктан да атага салыштырмалуу энеге атайын педагогикалык билим берилсе учурдун талабына жооп бермек [5, 123-б].

Энелер үчүн атайын тарбия берүү боюнча брошюралар чыгарылып, тарбиялоо сырларын кыскача жана жеткиликтүү деңгээлде түшүндүргөн китепчелер чыгарылса максатка ылайыктуу болор эле. Тарбия жараянында ата да, эне да педагогикалык ык, жөндөм, усул менен куралданышса иш аракеттеринин тыянагы болуп, ата-энеге да эстетикалык рахат тартууланмак. Үй-бүлөдөгү атанын катуулугу жана эненин жүрөгүнүн жумшактыгы кандайдыр бир кайталангыс жашоо жагдайын түзөт. Тарбия жараянындагы бул контраст (карама-каршылыктар) парник эффектин түзүп, анда баланын дени соо, акылы толук, сезимтал болуп жетилет. Ата-эненин ар кандай шарттарда, мындайча айтканда, барда да, жокто да ачык көңүл, шаттуу ырайда болгону жакшы. Ар дайым алардын беттеринен мээримдүүлүктүн, сүйүүнүн, күлкүнүн учкундары чачырап турганы оң. Үй-бүлөдөгү жетишпестиктерди бала да өзүнүн ички сезимдери аркылуу сезип турат. Үй-бүлөнүн акыл токтотуп калган чоң адамдары жаш баланын жанында өтө этият болуп сүйлөгөнү дурус. «Айтылган сөз, атылган ок» деп коюшат кыргыздар. Сүйлөрдүн алдынан терең ойлонуп сүйлөгөн максатка ылайыктуу. Сөздүн мааниси кайда бара жатканына маани берип, ошол сөз ошол жерде айтылууга арзырлыкпы, айтса болобу ошого маани берүү зарыл. Себеби жаш балдардын акылы тунук болот да сөздүн багытын тез эле айкындап алат. Айрыкча ата-энелер сүйлөгөн сөздөрүнө отчет бергендери оң. «Боло берет» деп сүйлөй берген жарабайт. Себеби жаш бала өтө ишенчээк келип, ар бир айтылган сөзгө ишенип алат да качан аткарыларын күтө баштайт. Балага «Аткарылбаган» ишти «аткарам» деп сөз берүү туура эмес [2, 147- б.].

Үй-бүлөдө балдардын көзүнчө калп сүйлөгөн болбойт. Коңшу-колоңду, башка адамдар жөнүндө жаман сүйлөп, кайра жолукканда алдына жүгүрүп мактап сүйлөй калган

ата-энеден бала кандай тарбия ала алат? Жогоруда белгиленгендей, жаш бала тарбиясында ата-эненин жүрүм-туруму, иш аракеттеринин, мамилелеринин үлгүсүнүн мааниси чоң.

Кээ бир аталар жалкоо, акча таппай үйдө жата берген, же ичкиликке берилип кеткендер, апалар болсо керели-кечке коншулардыкында жүрүп ушак менен алектенген образдары балага кандай тарбия бере алат? Кандай сапатка тарбиялайт? Ата-эне ушуларды көбүрөөк ойлонушу абзел. Өзүнүн баскан-турганын, сүйлөгөн сөзүнө чейин көзөмөлдөш керек. Кыргыздар «ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө» дешет. Айрыкча бул макал ата-энелерге таандык, себеби ар бир үй-бүлөдөгү сөздүн артында жоопкерчилик турат [1, 89-б.].

Ата-энелердин жеке үлгүсү ар кандай акыл-насааттан, сөз, акыл үйрөтүүлөрдөн пайдалуурак болуп, баланын дүйнө таануусуна, ой жүгүртүүсүнө, турмушта өз ордун табууна таасирдүүрөк болот.

***Адабияттар***


1. *Алымбаева Б.Б., Сабырова Э. С. Ата-энелердин сабаттуулугун жогорулатууда энелер мектебинин таасири / Б. Б. Алымбаева, Э. С. Сабырова // КББАнын Кабарлары. — 2021. — № 1(53). — 89-б.*
2. *Сабырова Э.С., Алымбаева Б. Б. Кыздардын тарбиясын салыштыруу (илгерки жана азыркы учурдагы) / Э. С. Сабырова, Б. Б. Алымбаева // Вестник Бишкекского государственного университета им.К.Карасаева. — 2019. — № 4(50). — 147-б.*
3. *Сухомлинский В. А. Как воспитать настоящего человека: этика коммунистического воспитания / В. А. Сухомлинский. — Москва: Педагогика, 1990. — 390 с.*
4. *Макаренко А. С. Книга для родителей / А. С. Макаренко. — Москва, 1986. — 463с.*
5. *Ушинский К.Д. О народности в общественном воспитании / К. Д. Ушинский. — Избр. пед. соч.: В 2 томах. — т. 1. — Москва: Педагогика, 1974. —123 с.*